КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз XIX сессиясы**

**Токтом № 64**

**Сүлүктү шаары** **18.11. 2022-жыл**

**Сүлүктү шаарынын Кош-Булак поселкалык аймагынын Т.Марипов көчөсүндө жайгашкан курулушу бүтө элек 32 батирлүү үйдү(эки имаратты) жана ага тиешелүү жер тилкесин КРнын УКМК чек ара кызматынын карамагына өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

"Сүлүктү шаардык мэриясынын 10.11.2022ж. 01-7/2064 сандуу Сүлүктү шаарынын Кош-Булак поселкалык аймагынын Т.Марипов көчөсүндө жайгашкан курулушу бүтө элек 32 батирлүү үйдү (эки имаратты) жана ага тиешелүү жер тилкесин КРнын УКМК чек ара кызматынын карамагына өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө каты боюнча шаардык кеңештин муниципалдык менчик, курулуш жана архитектура боюнча туруктуу комиссиясынын жана Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн башчысы С.Калакуловдун сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын "Жер Кодексинин" 18, 32 беренелери, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 34 беренеси, "Мүлккө муниципалдык менчик" жөнүндө Мыйзамынын 2, 11, 18, 19 беренелеринин негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарынын Кош-Булак поселкалык аймагынын Т.Марипов көчөсүндө жайгашкан курулушу бүтө элек 32 батирлүү үйдү (эки имаратты) жана ага тиешелүү болгон 2634м2 жер тилкесин КРнын УКМК чек ара кызматынын карамагына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин
2. Аскер бөлүгү кайра кеткен учурда же максатсыз пайдаланылган учурда аталган үйлөр, ага тиешелүү жер тилкеси жана инфраструктуралык курулуштар Сүлүктү шаарынын муниципалдык менчигине кайтарылуу жагы каралсын
3. Токтомдун 2 пунктунда көрсөтүлгөн маселе боюнча тийиштүү иш кагаздарын даярдоо жана мыйзам чегинде иш алып баруу жагы Сүлүктү шаардык мэриясына милдеттендирилсин

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин муниципалдык менчик, курулуш жана архитектура боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага : К.Мадаминов